DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Жолчиев С.Т., Чаканов Э.А., Назиркулов А.У.*

# КЫРГЫЗСТАНДА БУЮМ УКУКТАРЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУ

*Жолчиев С.Т., Чаканов Э.А., Назиркулов А.У.*

# СТАНОВЛЕНИЯ ВЕЩНЫХ ПРАВ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*S.T. Zholchiev, E.A. Chakanov, A.U. Nazirkulov*

# FORMATION OF PROPERTY RIGHTS IN KYRGYZSTAN

*УДК: 34.347*

*Макалада мамлекетибиздин буюм укуктарынын калыптануусу, анын илимде жана коомдук жашоодо ээлеген орду, Кыргыздардын каада укуктарына ылайык, буюм укуктарынын жүзөгө ашырылуусу, Кыргызстан СССРдин курамына кошулганга чейин менчик укугу жөнүндө түшүнүк болбосу, Совет бийлиги орногондон кийин революциянын натыйжасында декреттин кабыл алынуусу, анын ишке ашырылуусу, каада укуктарынын жоюлуусу, КАССРинин жарандык-укуктук мамилелерине ылайык, буюм укуктарынын жүзөгө ашырылуусу, "Ош жана Джалал-Абад контондорунда жер-суу реформасы жөнүндө" декреттин кабыл алынуусу, КССРинин 1964-жылдагы Жарандык кодексинин кабыл алынуусу менен жарандык-укуктук мамлелеринин негизинде менчик укуктарынын жүргүзүлүүсү, КР Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин жарандык-укуктук мамилелерде буюм укуктарынын жөнгө салынуусу, КРдин Конституциясында жана Жарандык кодексинде буюм укуктарынын жөнгө салынуусу жөнүндө каралган.*

***Негизги сөздөр:*** *укук, мамлекет, мыйзам, кадыресе укук, жеке укук, буюм укуктары, жаран.*

*В статье рассматривается становление вещных прав, его место, значение в науке и обществе, в соответствии с обычным правом кыргызов, осуществление вещных прав, понятие права собственности до вхождения в состав СССР кыргызов, принятие декрета в результате революции, и его осуществление, становление Советской власти, укоренение обычного права, осуществление вещных прав в соответствии с гражданско-правовыми отношениями в Кыргызской АССР, принятие декрета "О земельно-водной реформе в Ошском и Джалал-Абадском кантонах», в 1964 году принятие Гражданского кодекса Кыргызской ССР, в соответствии с основами гражданско-правовых отношений осуществление права собственности, регулирование вещных прав в гражданско-правовых отношениях в суверенной Кыргызской Республике, регулирование вещных прав Конституцией Кыргызской Республики и Гражданским кодексом.*

***Ключевые слова:*** *право, государство, закон, обычное право, собственное право, вещные права, гражданин.*

*The formation of property rights, its place, significance in science and society, in accordance with the customary law of the Kyrgyz, the exercise of property rights, the concept of property rights before the entry of the Kyrgyz into the USSR, the adoption of a decree as a result of the revolution, and its implementation, the formation of Soviet power, are considered. the burial of customary law, the exercise of property rights in accordance with civil and legal relations in the Kyrgyz ASSR, the adoption of the decree "On land and water reform in the Osh and Jalal-Abad cantons", in 1964 the adoption of the Civil Code of the Kyrgyz SSR, in accordance with the fundamentals of civil-legal relations, the exercise of property rights, regulation of property rights in civil - legal relations in the sovereign Kyrgyz Republic, regulation of property rights by the Constitution of the Kyrgyz Republic and the Civil Code.*

***Key words:*** *law, state, law, customary law, private law, property rights, citizen.*

Мамлекетибиздин буюм укуктарынын калыптануусу тарыхта байыркы мезгилге туура келет, байыркы кыргыздардын коомдук мамилелери үрп-адат, каада-салт, ошондой эле шариат укуктары менен жөнгө салынган.

Буюм укугу алгачкы укук тармактарынын катарына кирет, анын илимде жана коомдук жашоодо ээлеген орду бар. Бул боюнча, О.С.Иоффе өзүнүн эмгегинде "Буюм укугу калыптануусунда узак тарыхый жолду басып өттү, бүгүнкү күндө жарандык укук илиминде анын ээлеген орду маанилүү" [1] - деп белгилеген.

Кыргыздардын каада укуктарына ылайык, буюм укуктарынын төмөнкүдөй үч түргө бөлүнгөн:

- менчик укугу;
- ээлик кылуу укугу;
- жер тилкесине болгон укук.

Кыргыздар көчмөн эл болгондуктан көпчүлүк учурларда менчикке болгон укугу мал багуу, аларды жайуда жайыт жерлерди пайдалануу ж.б.у.с. болгон.

1709-жылы Кокон хандыгы пайда болгон мезгилде, кыргыз эли бул хандыкка кошулуп алардын мыйзамы менен жашашкан. Ал убакта буюм укугу каада укуктары менен жөнгө салынган.

Кыргыздардын буюм укугунун башка элдерден негизги айырмачылыгы, уруу-уруу болушуп көчмөн чарба менен туруктуу бир жерде жашашкан эмес,

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



кайсыл жерге көч которгон болсо, ошол жерлерде ээлик кылышып пайдаланышкан.

Кыргызстан СССРдин курамына кошулганга чейин жеке менчик укугу жөнүндө түшүнүк жок болгон, ушул себептен буюм укугу толугу менен жүргүзүлбөгөн.

Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийин, буюм укугунун негизги булактары үрп-адат, каада-салттар жазылбаган ченемдер болуп саналган, революция болуп өткөндөн кийин биринчи негизги укуктун булагы декрет болуп, ал убакта мыйзам катары күчкө ээ болгон. Ал эми буюм укугуна тиешелүү болгон менчик укугу декретке ылайык, жерге болгон жеке менчик укугун жокко чыгарган. Ошондой эле мамлекеттик менчик жана жерди пайдалануунун көптөгөн формалары түзүлүп жарыяланган.

Ч.И. Арабаевдин белгилөөсү боюнча, “Кыргыз элинин XX кылымдагы тарыхына кайрыла турган болсок, анда Кыргызстандагы менчик мамилелериндеги өзгөрүүлөргө төмөнкүдөй глобалдык эки учурду өзгөчө бөлүп кароого болот:

Биринчиден, 1917-жылдын октябрынан тартып - Советтик бийлигинин орношу менен дээрлик СССР кыйраганга чейинки мезгил.

Экинчиден, Кыргыз Республикасы эгемендикке жана көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки өзгөрүүлөр” [2].

О.Н. Садикова «Буюм укугу, ыйгарым укуктуу адам тарабынан камсыз кылуу, канааттандыруу, кызыкчылыгында түздөн-түз көз карандысыз анын чарбалык башкаруусунда болгон нерсеге таасир этүүсү» [3] - деп белгилеген.

Ошентип, өлкөбүз Кыргыз АССР болуп түзүлгөн учурда жарандык-укуктук мамилелер 1922-жылдагы СССРдин Жарандык кодекс менен жөнгө салынган. Бул кодексте менчик укугунун түшүнүгү болгон эмес, бир гана социалдык менчикти бекемдеп күчөтүү маселеси каралган.

1927-жылы 12-ноябрда “Ош жана Джалал-Абад контондорунда жер-суу реформасы жөнүндө” кабыл алынган декретке ылайык, жерге болгон буюм укугу бий жана манаптардан тартып алынган. Ал кезде бий жана манаптык башкаруу болуп, алар жерлерди өз пайдасына иштетишип келишкен.

Улуу Ата мекендик согуш учурунда, жарандык-укуктук мамилелер өзгөрүлүп, башкача айтканда менчикти пайдалануу ресурстары максаттуу пайдаланылып тартип катуу сакталган. Тартипти сактоо жана менчикти максатуу пайдалануу согуш жылдарынан кийин да улантылып келген.

Ал эми СССРдин мыйзамдарынын негизинде Кыргыз ССРинде 1964-жылы Жарандык укук жана жарандык процесстик укук жөнүндө кодекстер кабыл алынып, Кыргыз ССРнин жарандык мыйзамына ылайык, жарандардын менчигине (үй-тиричилик буюмдары, жеке керектөөлөрү, турак жайлуу болуу жана аны пайдалануу). Ошондой эле Кыргыз ССРнин жарандык мыйзамында камтылган жоболорго ылайык ар бир жарандын жеке менчигинде бир гана үй болуусу көрсөтүлгөн.

Ал эми эгемендүү Кыргызстаныбыздын калыптануусунда, өнүгүүсүндө, коомдук жашоонун бардык чөйрөсү түп тамырынан өзгөрүлдү. Бул жылдары коомдогу саясий тутум, экономикалык мамилелердин жана базар экономикасындагы тутумда административдик-командалык тутумга өзгөрүлдү.

Экономикалык мамилелердин маңызынын өзгөрүлүүсү менен коомдо белгиленген түзүлүштө юридикалык ченемдер тутумунун пайда болуусу, ченемдик укуктун жыйынтыгы боюнча, коомдогу мамилелерди, биринчи кезекте буюм укугунда менчиктин катышуучуларынын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн жарандык укук негизделген.

Буюм укугунда менчиктин жөнгө салынуусунда жарандык укуктун ролу маанилүү, бул боюнча, В.П. Грибанов мындай деп белгилеген, “менчик укугу – советтик жарандык укук институтунун тамыры. Менчик укугунун ченемдери Советтик түзүлүштүн экономикалык негизин бекемдеп, социалдык менчик боюнча өндүрүш каражаттары аныкталган” [4].

КРдин Конституциясынын 12 беренесинде КРде менчиктин ар кандай түрлөрү бар экендиги жана алар мамлекеттик, муниципалдык, ошондой эле башка менчиктин түрлөрүнүн тең укуктуу корголушуна кепилдик берилиши көрсөтүлгөн [1].

Ал эми КРдин Жарандык кодексинин “10 главасында Менчик укугу жана башка буюм укуктары жөнүндө каралып, 222-беренесинде менчик укуктары – бул өзүнө тиешелүү мүлккө өзү каалагандай ээлик кылууга, пайдаланууга, тескөөгө субъекттин мыйзам актылары тарабынан таанылуучу жана коргоолуучу укуктары” [2] - деп көрсөтүлгөн.

Ошентип, белгилүү болгондой менчик укугу объективдүү жана субъективдүү мааниде каралышы мүмкүн.

Объективдүү мааниде – буюм укугу жарандык укук тармагынын бир түрү, ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө мамилелерин жөнгө салуучу юридикалык ченемдердин жыйындысы.

Субъективдүү мааниде – мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте, мүлккө өзүнүн жеке менчиги катары, же башка укуктун негизинде ээлик кылууда, субъекттин

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жарандык-укуктук, же юридикалык мүмкүнчүлүгү.

В.А. Беловдун пикири боюнча, “Менчик укугунун институтуна бир гана жарандык-укуктук ченемдер эмес, Конституциялык-укуктук, Административдик-укуктук, Кылмыш жазык-укуктук жана башка мыйзамдын негизинде адамдардын кызыкчылыгын камсыз кылган, аларга таандык болгон мүлкүн коргоо ченемдеринин баары камтылат” [5].

Демек, тыянак чыгарып айтсак болот, өлкөбүздө азыркы күндө буюм укуктары толук кандуу аткарылып, КРдин Конституциясы, КРдин Жарандык кодексинде көрсөтүлгөн тартипте жөнгө салынууда.

**Адабияттар:**

1. Иоффе О С. Избранные труды по гражданскому праву: Из истории цивилистической мысли Гражданское правоотношение. Критика теории «хозяйственного права». - Изд. 2-е, испр. - М.: Статут, 2003. - С. 609.
2. Арабаев Ч.И. Кыргыз Республиканын Жарандык укугу. - Б., 2009.
3. Гражданское право России. Курс лекций. Часть первая. Под ред. О.Н. Садикова. - М.: Юрид. лит., 1996.
4. Грибанов В.П. Осуществление и защита гражданских прав. - М.: Статут, 2000. - С. 358.
5. Гражданское право: актуальные проблемы теории и практики / под ред. В.А. Белова. - М.: Юрайт-Издат, 2008. - 993 с.
6. Мыйзамдар жана ченемдик укуктук актылар. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2010-ж. (КР 2016-жылдын 28-декабрындагы №218 Мыйзамынын редакциясына ылайык).
7. КРдин Жарандык кодеси (2018-жылдын 6-августундагы №88 мыйзамынын редакциясына ылайык).